***Кочкарова Э.А. –** Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын административдик жана финансылык укук кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу*
**УДК 329+342.22**

# САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИНИН УКУКТУК ФОРМАТЫ

***Аннотация:** Бул илимий макалада саясий партиялардын жана мамлекеттин өз ара мамилелеринин укуктук форматы каралган.*

***Аннотация:** В этой научной статье рассматривается взаимоотношения правового формата государства и политических партий*

***Annotation:** In this scientific article the legal format of the relationship ofpolitical parties and the state.*

***Ключевые слова:** Саясий партиялар, мамлекеттик бийлик органдар, шайлоо, мамлекеттин өз ара мамилелеринин укуктук форматы.*
***Ключевые слова:** Политические партии, органы государственной власти, выборы, взаимоотношения правового формата государства.*
***Keywords:** Political parties, public authorities, the election, the relationship of the right size of the state.*

Мамлекеттин жана саясий партиялардын өз ара мамилелеринин мумкун болгон багытын, укуктук женге салуунун конкреттуу механизмдеринин укук ченемдуулугун жана жол берилгендигин тандоодо чечуучу маанини мамлекеттин жана саясий партиялардын өз ара мамилелеринин принциптери ээ болот, алардын бир катары «Саясий партиялар жөнундө» КР Мыйзамынын 10-бер. бекемделген (1999-ж. 12-июнь №50). Төмөндөн жана жогорудан кеткен социалдык демилгелер укук жана мыйзамдуулук себебинен жолугууга, кошулууга жана кучөтулуугө тийиш [1].

Баштапкы принцип болуп мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын саясий партиялардын ишине кийлигишуусуне, ошого тец саясий партиялардын мамлекеттик бийликтин органдарына жана алардын кызмат адамдарынын ишине кийлигишуусуне жол берилбегендиги саналат. Партиялар мамлекеттик бийлик органдарына шайлоого катышуу аркылуу коомдун саясий турмушунда жана көрсөтулгөн органдардын ишинде катышууга чакырылган бирикмелер болуп саналат, мумкун бул функцияларды ишке ашыруу партиялардын аларга таасир көрсөтуусуз мумкун эмес. Мындай таасир көрсөтуу мамлекеттик бийлик органдары ишке ашырган саясатка, айрым кызмат адамдарынын аракеттери жана алардын билдируулөру, резолюциялар, жалпыга жургузулуучу

массалык акцияларга ж.б. карата өзунун мамилесин ачык айтууда ишке ашырылат. Өз кезегинде мамлекеттик бийлик органдары жана кызмат адамдары партиялардын ишинин мыйзамдын талабына ылайык келуусун контролдоо боюнча бир катар ыйгарым укуктарга ээ, бекитилген тартипте алар партиянын ишин токтотуу же жоюу жөнундө чечимди чыгарууга укуктуу.

Ошентип, саясий партиялардын жана мамлекеттин өз ара мамилелеринин укуктук форматы мамлекеттик органдардын ишине да, ошондой эле мамлекеттик органдардын - партиялардын ишине таасирин алып салбай, тескерисинче божомолдойт. Бирок мындай таасир көрсөтуу КР Конституциясы (2010-ж. 27-июнунда референдумда (жалпы элдик добуш беруу) кабыл алынган) жана аракеттеги мыйзамдар менен каралган формаларда жана тартипте мумкун. Ушуга байланыштуу, мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын саясий пар-тиялардын ишине кийлигишуусунө, ага тең саясий партиялардын мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишине кийлигишуусунө жол берилбестигин, алардын компетенциясынын чөйрөсунөн тышкары таасир көрсөтуунун укукка каршы формаларын жана методдорун колдонууга тыюу салуу, аларга мунөздуу болбогон функцияларды өздөштуруп алуу катары бааласа болот.

Укуктук мамилелердин мунөзунө карата алардын катышуусу менен же макулдашуусу боюнча саясий партиялардын кызыкчылыктарына тиешелуу маселелерди кароонун тартиби тармактык мыйзам чыгаруу актыларында кеңейтилиши жана деталдаштырылышы мумкун. Алсак, алардын катышуусу менен же макулдашуусу боюнча саясий партиялардын кызыкчылыктарына тиешелуу маселелерди кароо өзунун кызыкчы-лыктарын коргоо максатында сотто доогер жана жоопкер болуп чыгууга партиялардын укугун бекемдеген административдик, жарандык, жа-рандык-процессуалдык, жазык жана жазык-процессуалдык мыйзамдарда камтылган бир катар ченемдердин эсебинен кошумча камсыздалат. «Саясий партиялар жөнундө» КР Мыйзамы менен каралган саясий партияларды тузуу жана мамлекеттик каттоо жол-жобосу мамлекеттик бийлик органдарынын жана саясий партиялар-дын активдуу өз ара аракеттенуусун болжолдойт. Шайлоо кампаниясынын алкагында партиялар шайлоону уюштуруу жана өткөруу маселелерин чечуудө, а.и. округдук жана участкалык шайлоо комиссияларынын жеке курамын тузуу, добуш беруу участокторуна - шайлоо комиссияларынын курамына саясий партиялардын ыйгарым укук-туу өкулдөрун жана байкоочуларды багыттоо, мыйзамда белгиленген тартипте шайлоо комиссияларынын чечимдерине даттануу аркылуу катышууга укуктуу.

Учунчу принцип болуп саясий партиялардын кызыкчылыктарында мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдардын, жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматта турган адамдардын кызматтык абалынын артыкчылыктарын колдонууга жол берилбегендиги саналат. Ошону менен бирге, мыйзамдар саясий партиялардын программаларынын жоболорун ишке ашыруу максатында мамлекеттик бийлик органдарында

аларда бар бийлик ыйгарым укуктарын саясий партиялардын өкулдөрунун укуктуу жана ак ниет колдонулушунан кызматтык абалдын артыкчылыктарын укукка каршы колдонулушун так чөктөөгө тийиш.

Тийиштуу чектөөлөрду «Саясий партиялар жөнундө» Мыйзамда кароого мумкун болмок. Мында кандайдыр бир формада партияга көмөк көрсөтуугө багытталган ишти кызматтык убактында ишке ашыруу учун (партиялык иш чараларды өткөруу, программалык документтерди жана чыгып суйлөө тезистерин даярдоо, уставдык документтерди эксперттик иштеп чыгуу ж.б.); алардын ишин телефондук, факсимилдик жана башка байланыш турлөру, маалыматтык кызматта, уюштуруу техникасы менен камсыз кылган мамлекеттик органдар, жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдары ээлеген имараттарды саясий партиянын ишин ишке ашыруу учун пайдалануу (парламенттик фракциялардын тышкары); мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорттук каражаттарды партиялык ишти ишке ашыруу учун акысыз же жецилдетилген шарттар-да пайдалануу; мамлекеттик же муниципалдык кызматкерлердин кызматтык иш сапарларынын журушундө (мамлекеттик же муниципалдык ка-ражаттардын эсебинен төлөнуучу) партиялык иш чараларды өткөруу; өзунун кызматтык абалынын эсебинен жалпыга маалымдоо каражаттарына карата артыкчылыктуу мумкундукту камсыз кылууга же болбосо кызмат адамдарынын саясий партияларга өзунун мамилесин пропагандалоо учун өзунун кызматтык абалын пайдаланышы, партиянын мучөлөрунө жана жактоочуларына кируугө кызматтык көз каранды болгон адамдарды мажбурлоо саясий партиянын кызыкчылыктарында кызматтык абалын пайдалануу болуп саналат.

Мамлекеттин жана саясий партиялардын өз ара мамилеси маселелердин айланасынан көз каранды айырмаланган бир катар багыттар боюнча ишке ашырылат, алар боюнча көрсөтулгөн өз ара мамилелер тузулөт. Алардын санында саясий партиялардын ишин ченемдик жөнгө салууну,тышкы жана ички контролдоону, алардын ишин мамлекеттик колдоону, мамлекеттин жана саясий партиялардын өз ара аракеттенуусун өзгөчө белгилөө керек. Көрсөтулгөен багыттар укуктук мамилелердин субъектиси катары мамлекеттик бийлик органдарынын жана саясий партиялардын предмети гана эмес, укуктук жобосу менен айырмаланат. Саясий партиялардын ишин укуктук жөнгө салууда мамлекеттин аныктоочу ролу коомдун расмий өкулу, калктын бардык социалдык топторунун кызыкчылыктарын билдируучу, алардын ортосунда социалдык компромисстин шайманы жаратылышынан келип чыгат. Бул жерде принципиалдык маанини укуктук жөнгө салуунун чектери жөнундө маселе ээлейт, мамлекеттин женге салуучу ролу партиялык системаны моделдөө маселелерине жайылтылабы, же мыйзамдар партиялардын ишинин минимум маселелерин гана жөнгө салышы керекпи деген суроо олутту мааниге ээ. Ага карата жоопто укуктук жөнгө салуу объектилерин тандоодон гана эмес, мыйзам чыгаруучу жетекчиликке алган колдону-луучу укуктук каражаттар, механизмдердин жыйындысына таянуу керек. Ушуга байланыштуу эки

принципиалдуу ар кандай мамиле жөнүндө айту-уга болот, алардын бирин тандоо көпчүлүгүндө саясий режимдин авторитардык жана демократиялык мүнөзү ортосунда бөлүүнү көпчүлүк учурда болжолдойт.

Биринчи мамиле саясий системанын алкагында легалдуу иштеген саясий партиялардын санын директивалуу чектөөнү болжойт. Жөнгө салуунун аргасыз формасы болуп бир партиялуу системаны расмий бекитүү саналат (СССРда 1990-ж. чейин, Германияда, Италияда 1945-ж. чейин). Мындай жөнгө салуу бийликке монополияны бекемдөө гана болуп саналат, мында биринчи себеп эмес саясий системанын авторитардык деформациясынын жыйынтыгы болуп саналат. Экинчи ыкма - саясий партияларды түзүү жана алардын уюштуруу түзүмүнө, санына, ишинин масштабына, ишинин узактыгына талаптарды бекемдөө бөлүгүндө карата атайын талаптарды белгилөө. Бирок алар юридикалык жактан уюмдардын аныкталбаган тобуна жайылтылат, жеке алып салууларды камтыбайт. Мындай партияларды ачык-укуктук жөнгө салуу бардык чектөөлөр конституциялык бекитилген, коомдук пайдалуу максаттарга жетишүүгө багытталган жана алар шайкеш болгон шартта коомдук бирикмелердин ишинин эркиндик принциптерине каршы келбейт.

Мамлекеттин партиялык-саясий чөйрөгө таасир көрсөтүү шаймандарынын бири болуп партиянын ишине контролдук саналат. Саясий партиялардын ишине мамлекеттик контролду жана саясий партиянын өзүнүн анын органдарынын, түзүмдүк бөлүктөрүнүн жана партиянын мүчөлөрүнүн ишине жүргүзүлүүчү ички контролду айырмалоо керек. Мамлекеттик контролдоонун предмети болуп партия, анын түзүмдүк бөлүктөрү жана өкүлдөрү жасаган аракеттердин укук ченемдүүлүгүн талдоо жана текшерүү жана ченемдик контролдоо - саясий партиялар кабыл алып жаткан уставдардын жана башка актылардын колдонуудагы мыйзамдын талаптарына ылайык келиши саналат.

Прокуратура органдарынын партиялардын ишинин укук ченемдүүлүгүн баалоодо ыйгарым укуктары жөнүндө маселе мындан оор мүнөзгө ээ. Бир жагынан «Саясий партиялар жөнүндө» КР Мыйзамы прокуратурага алардын ишин контролдоо функциясын берген эмес, башка жагынан - «Прокуратура жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, прокурордук көзөмөлдүн предмети болуп башкаруу органдарынын жана коммерция-лык эмес уюмдардын (алардын бир түрү болуп партиялар саналат) жетекчилеринин адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сакташы саналат. Алсак, прокуратура органдары алардын максаттары жана аракеттери конституциялык түзүмдүн негиздерин күчтөп өзгөртүүгө, мамлекеттин бүтүндүгүн бузууга, анын коопсуздугун начарлатууга, улуттук, расалык же диний кастыкты козгоого багытталган бирикмелердин түзүлүшүнө жана ишине тыюу салууга карата алдын-алуу, аныктоо жана чараларды көрүү жана тийиштүү чараларды колдонуу (күн мурун эскертүү, алдын алуу) менен байланыштуу бир катар ыйгарым укуктар берилген. Прокуратура органдары юстиция органдары менен катар коомдук бирикмелерди жоюу, юридикалык жак болуп саналбаган коомдук

бирикмелердин ишине тыюу салуу, ошондой эле алар жайылтып жаткан басма, аудио-, аудиовизуалдык жана башка материалдарды экстремисттик деп таануу жөнүндө сотко сунуштамаларды киргизүүгө ыйгарым укуктуу. КР салык органдары ишке ашырган финансылык контролдоо функциясы саясий партиянын жыйынды финансылык отчетун текшерүү аркылуу ишке ашырылат. Бул жерде финансылык контрол-доонун негизги объектилери болуп финансылык түшүүлер булактары боюнча саясий партиялар үчүн белгиленген чектөөлөрдү сактоо, финансылык каражаттарды чыгымдоонун максаттуу мүнөзү, финансылык отчеттуулуктун тууралыгы жана өз убагында болуусу, шайлоо компаниясынын жыйынтыктарынын отчетторуна карата колдонулуучу - шайлоо фонduларынан каражаттарды чыгымдоонун пайда болушу жана тартибине карата шайлоо мыйзамдары менен белгиленген талаптарды сактоо саналат.

Саясий партиялардын шайлоодо катышуу эрежелерин сакташы үчүн мамлекеттик контролду камсыз кылуучу органдар болуп шайлоо комиссиялары саналат, алар партиянын шайлоодо катышуу тууралуу чечимдерин кабыл алуу, кандидаттарды чыгаруу, алардын каттоосу үчүн зарыл шарттарды аткаруу, шайлоо алдында агитацияны уюштуруу жана жүргүзүү ж.б. боюнча олуттуу аракеттерине укуктук баа беришет. Шайлоо комиссияларынын укуктарына саясий партиялардын тийиштүү милдеттенмелери да корреспонденциялайт. Алсак, шайлоо кампанияларынын мезгилинде партиялар мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында депутаттыкка жана башка шайлануучу кызматтарга өзүнүн кандидаттарын көрсөтүү менен (кандидаттардын тизмеси) байланыштуу иш чараларды өткөрүү жөнүндө тийиштүү шайлоо комиссиясын күн мурунтан маалымдоого, аларга шайлоо комиссиясынын өкүлдөрүн киргизүүгө милдеттүү.

Мамлекеттин жана саясий партиялардын артыкчылыктуу багыты болуп ошондой эле саясий партиялардын ишин мамлекеттик колдоо саналат, аны саясий партиялардын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүгө багытталган мамлекеттин саясатынын чараларынын комплекси катары аныктоого болот. Мамлекеттик колдоону көрсөтүү милдеттенмесин мыйзам мамлекеттик бийлик органдарына, жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөйт. Партияларга мамлекеттик колдоо тең шарттарда көрсөтүлөт, бул мамлекет акылуу, ошондой эле акысыз негизде көрсөткөн материалдык-техникалык, финансылык жана башка ресурстарга мүмкүндүк алуунун бирдиктүү шарттарын болжолдойт. Мамлекеттик колдоону көрсөтүүдө шарттардын теңдиги - мыйзам алдында саясий партиялардын мыйзам менен бекитилген теңдештик принцибин ишке ашыруунун олуттуу кепилдиги.

Партияларды мамлекеттик колдоонун формалары болуп төмөндөгүлөр саналат: мамлекеттик жана муниципалдык жалпыга маалымдоо каражаттарына мүмкүндүк алуунун тең шарттарын жана кепилдиктерин камсыздоо. Өзүнүн иши жөнүндө маалыматты жалпыга маалымдоо, шайлоо кампанияларында, референдумдарда, коомдук жана саясий акцияларда катышууда тең шарттарды камсыздоо үчүн мамлекеттик жана муниципалдык

ЖМКлар менен колдонуунун мумкунчулугун бекемдеген бул ченем, шайлоодо катышкан саясий партияга бирдей эфирдик убакыт жана ЖМК басып чыгаруу аянтын беруу менен билдирилет.

Өз ара мамилелердин дагы бир багыты болуп мамлекеттик органдардын жана саясий партиялардын өз ара аракеттенуусу саналат, бул контекстте ал маселелердин кенири чөйрөсун биргелешкен чечуу максатында ишке ашырылган өнөктөштук (кол астында жана контролдоо астында болуу элементи жок учурда) катары тушунулөт.

Мамлекеттик бийлик органдарынын саясий партиялар менен өз ара аракеттенуусунун артыкчылыктуу багыты болуп шайлоо процессинде жана парламенттик иш алкагында алардын саясий диалогун камсыз кылуу болуп саналат. Акыркы жылдардын практикасы Президент жана Өкмөт тарабынан эн бир маанилуу чечимдерди кабыл алууда саясий партиялардын ролунун фактылай өсушун аныктайт. Мамлекет башчысынын депутаттык бирикмелердин лидерлери менен узгултуксуз жолугушуулары норма болуп калды, алардын журушундө тышкы жана ички саясаттын актуалдуу маселелери боюнча консультациялар жургузулөт. 2010-ж. кийин өлкөнун саясий турмушунда саясий партиялардын, анын устунө мумкун өтө салмактуу институционалдык формаларда, ролунун өсушунун тенденциясы өнугөт.

## СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННОЙ ЛИТЕРАТУРЫ:


1. Мальцев Г.В. Понимание права, подходы и проблемы. М: «Прометей», 1999. С. 320-321.